| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>ОРГОЧОР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР |
|---|---|---|

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №20- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2026-жылдын 30-июлу №147 Оргочор айылы

**Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген акча каражатын 2026-жылдын бюджетине кошумча пайдалануу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-августундагы “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасын бекитүү жөнүндөгү” №490 токтому менен бекитилген программага ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 55-беренесине ылайык, Оргочор жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген **5 560 400** (беш миллион беш жүз алтымыш миң төрт жүз) сомду максаттуу түрдө пайдалануу максатында айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповдун билдирүүсү эске алынсын.

2. 2026-жылдын жергиликтүү бюджетине Республикалык бюджеттен трансферт катары келип түшкөн **5 560 400** (беш миллион беш жүз алтымыш миң төрт жүз) сом акча каражатын Ак-Дөбө, Аң-Өстөн, Мундуз, Кургак-Айрык айылдарынын калктуу конуштарынын башкы пландарын бекитүүгө жумшалсын.

3. Оргочор айыл өкмөтүнүн айыл өкмөт башчысына:
   - Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген **5 560 400** (беш миллион беш жүз алтымыш миң төрт жүз) сомду максаттуу чыгымдоого жагы милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин финансы –пландоо менен айыл чарба жана экология маселелер боюнча туруктуу комиссияларына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**